2-БӨЛҮК

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КООМЧО МЕНЕН ИШТӨӨ

## Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарды реабилитациялоого, социалдык жактан интеграцияланышына жана укуктарын коргоого жергиликтүү коомчону катыштыруу






## 44-БӨЛҮМ

# Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар жана алардын айлана-чөйрөсү

Китептин биринчи бөлүгүндө ар бир бала менен анын илдетинин мүнөзүнө жараша иштөө ыкмалары тууралуу баяндалган. Бирок баланын жашоосун жеңилдеткен же оорлоткон нерселердин көбү анын илдетинин өзүнөн эмес, үйүндөгү жана коомчосундагы адамдардын ага карата мамилесинен көз каранды.

Китептин ушул экинчи бөлүгүндө ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын муктаждыктарын канааттандырууга жана коомчосунун турмушунда татыктуу орун ээлөөсүнө аларга жардам берүүгө жергиликтүү коомчонун мүчөлөрүн – ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды, алардын үй-бүлөлөрүн, коомчодогу кайдыгер эмес адамдарды, мектеп окуучуларын жана башкаларды – жигердүү катыштыруу жолдору каралат.

**ДЕНИ СОО БАЛДАР ЭМНЕГЕ МУКТАЖ БОЛСО, ӨСҮП КЕЛЕ ЖАТКАН, ДЕН СООЛУГУНУН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ ЧЕКТЕЛҮҮ БАЛА ОШОЛ ЭЛЕ НЕРСЕЛЕРГЕ МУКТАЖ:**



Бардык коомдордо дени соо балдарда кандай социалдык муктаждыктар бар болсо, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарда деле так ошондой муктаждыктар бар. Алар да мээримге жана сый-урматка, башка балдарга кошулуп ойноого, башка балдардын жана чоңдордун жардамы менен айлана-чөйрөсүн таанууга, жагдайы канчалык оор болгонуна карабастан физикалык жана акыл-эс жактарынан мүмкүн болушунча өнүгүүгө муктаж. Алар өздөрүн үй-бүлөсүнө жана коомчосуна керектүү жана кадыр-барктуу адам катары сезүүсү зарыл.

Тилекке каршы, айылдардын жана жергиликтүү коомчолордун көпчүлүгүндө ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар эмнеге жарайт экенин иш жүзүндө ишке ашыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрү жок. Өтө көп учурларда айланасындагылар мындай адамдардын **кемчиликтерин** гана көрүп, **күчтүү жактарын** байкашпайт.

## ТҮРДҮҮ КООМЧОЛОРДО ТҮРДҮҮ ЫКМАЛАР ТАЛАП КЫЛЫНАТ

Дени соо адамдардын ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга карата мамилеси бир үй-бүлөдөн башка үй-бүлөгө, коомчодон коомчого, өлкөдөн өлкөгө жараша бир биринен айырмаланат.

- **Эл арасында тараган жергиликтүү ырым-жырымдардын жана үрп-адаттардын** айынан кээде адамдар ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жердештерин теңине алышпайт. Мисалы, ата-энелери кандайдыр бир жаман нерсе жасаганынан же Кудайга жакпаган ишке жол берип койгонунан улам балдары оорулуу же денесинин бир жери деформациялуу болуп төрөлүшөт, же болбосо, балдар өзү мурунку жашоосундагы күнөөлөрү үчүн бу дүйнөгө ушундай дефекти бар болуп келишет деген ишенимдер айрым аймактарда кеңири учурайт. Ата-энелер мындай жагдайда баланын денесиндеги деформацияны оңдоого же анын азап тартуусун жеңилдетүүгө аракет кылгандык – Кудайдын эркине каршы чыккандык дегенге барабар деп ойлошу мүмкүн.

- **Туура маалыматтын жоктугу** ар кандай жаңылыштыктардын жайылышына алып келет. Мисалы, айрымдар денени ***шал*** кылган полиомиелитти жана церебралдык шалдыкты жугуштуу деп эсептеп, балдарына шал балага жакындоого тыюу салышат.

- Көптөгөн элдерде, талмасы же **психикалык** бузулуусу бар балдарга шайтан же жиндер кирип кеткен деп ишенишет. Адамдар мындай балдардан жатыркашат, аларды үйүнөн чыгарбай кармашы же уруп-сабап турушу мүмкүн.

- **Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар эмнеге жөндөмдүү экенин жана алардын мүмкүнчүлүктөрүн таан564ыбагандык** аларга тийиштүү көңүл бурулбай калышына же атүгүл алардан баш тартууга да алып келиши мүмкүн. Көптөгөн өлкөлөрдө ата-энелер оорулуу балдарын алардын чоң ата-чоң энелеринин колуна өткөрүп берип бактырышат. (Кийин чоңойгондо, ыраазы болгон балдардын көбү картайып калган чоң ата-чоң энелерине кам көрүшөт.)

- **Демейдегиден сырткары, ага окшобогон же түшүнүксүз нерселерге** карата элдин терс мамилесин анын мындай нерселерден **чочулоосу** менен түшүндүрүүгө болот. Мисалы, полиомиелит оорусу кеңири учураган коомчолордо, аксап баскан балага карата адамдардын мамилеси жакшы эле болушу мүмкүн, ал эми ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар анча көп эмес (же мындай балдардын көпчүлүгү коомчулуктан жашырылып кармалган) коомчолордо, аксап баскан баланы башка балдар аёосуз шылдыңдап же андан жатыркап турушу ыктымал.

- Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балага башкалардай тең укуктуу мүчө болууга ошол баланын үй-бүлөсү же коомчосу тарабынан мүмкүнчүлүктөр берилер-берилбестиги көпчүлүк учурда ал баланын **илдетинин катаалдыгына** жараша болот. Африканын айрым аймактарында, полиомиелит оорусунан жабыркаганына карабастан эбин таап (атүгүл ортопедиялык аппарат же балдак менен болсо да) баскан балдардын, коомчосу тарабынан дурус кабыл алынуусуна жакшы мүмкүнчүлүктөрү бар. Ал эми басып кетүүгө такыр мүмкүнчүлүктөрү жок балдардын жагдайы карама-каршы. Мындай балдардын көпчүлүгү маанилүү ык-жөндөмдөрдү колдо-ру менен гана аткарганды үйрөнүүгө жана, балким, ушул жол аркылуу көз карандысыз болууга жараса да, бирок баса албагандыктан, булардын көпчүлүгү кичинекейинде эле, негизинен ачкадан же каралбай калгандыктан каза болуп калышат.

- **Эл абдан жакыр жашаган аймактарда**, баланын ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрүн чектеген илдетине тийиштүү көңүл бурулбашы мүмкүн. Шри Ланкадагы бул үй-бүлөнү өзгөчө муктаждыктары бар баласы тууралуу сураганда, энеси учурдагы эң олуттуу көйгөйү – алардын алачыгынын чатырынан суу өтүп жатканы экенин айкан. Айылдагы реабилитациялык борбордун кызматчыларынын көмөгү менен бул үй-бүлөнүн кошуналары чогулушуп, жаңы чатыр куруп берүүгө жардам беришкен. Бул үй-бүлөнүн тамак-ашка жана турак-жайга болгон негизги муктаждыктары канааттандырылгандан кийин гана, эне баласынын илдетине көңүл буруусу мүмкүн болду. →




(Филип Кгосананын сүрөтү, UNICEF, Шри Ланка)

## Чегинен ашкан камкордук

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын бардыгына бирдей көңүл коштук менен же орой мамиле кылынат деп айтууга албетте болбойт. Латын Америка өлкөлөрүндө (бул китеп ушулардын биринде иштелип чыккан) үй-бүлөлөр мындай көйгөйлөрү бар балдарына көпчүлүк учурда абдан чоң мээрим жана камкордук менен мамиле кылышат. Акыркы акчаларын, атүгүл дени соо балдарынын бейкут жашоосунун эсебинен болсо да, оорулуу балдарын айыктырууга жумшоого, же болбосо, аларга витаминдерди же таттуу азыктарды сатып берүүгө даяр болгон ата-энелер арбын.

**Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балага чегинен ашырып кам көрүү** – Латын Америка өлкөлөрүндөгү жана дегеле дүйнө жүзүндөгү эң олуттуу көйгөйлөрдүн бири. Үй-бүлө оорулуу баласы үчүн анын ордуна дээрлик бардыгын кылып берип, зарыл ык-жөндөмдөрдү өздөштүрүүсүнө жана өзүн тейлегенди үйрөнүп алуусуна тоскоолдук жаратат. Атүгүл салыштырмалуу анчалык олуттуу эмес физикалык бузулуусу бар балага башка балдар менен ойноого же мектепке баруусуна ата-энеси көпчүлүк учурда уруксат бербейт. Анткени алар башкалар баламды шылдыңдашат же ал баары бир башкалардай окуй албайт деп ойлошот.

Атүгүл ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарга мээрим менен кам көрүү салты кеңири тараган Латын Америка өлкөлөрүндө да **ата-энелер мындай балдарын башкалардан жашырып, үйдөн чыгарбоосу сейрек көрүнүш эмес.** Мындай көйгөйү бар баланын көчөдө эркин ойноп жүрүүсүн, ата-энесине базарда же талаа иштеринде жардам берүүсүн анда-санда гана көрүүгө болот. Мындай өзгөчө көйгөйлөрү бар адамдарга коомчосунун турмушуна катышууга ушунча аз мүмкүнчүлүк берилип келгенине байланыштуу, эл, бир четинен, “булардын колунан көп нерселер келбейт”, “алар бул нерселерди кылбай эле койгону оң” деп ойлойт. Мындай балдар ушуга окшогон себептерден улам өз коомчолору үчүн чоочун болуп чоңоюшат. Алар иштөө, турмуш куруу жана балалуу болуу, атүгүл коомчосунда эркин ары-бери жүрүү жана андагы башка адамдар менен катнашуу мүмкүнчүлүктөрүнөн кур калышат. Мындай кыйынчылыктарды алардын ден соолугуна байланыштуу чектөөлөр эмес, коом жаратып жатканы өкүнүчтүү.



Латын Америка өлкөлөрүнүн бириндеги, чек арага жакын жайгашкан шаарда жашаган эне баласынын оозунун деформациясын (жырык эринди) башына кагаз баштык кийгизүү жолу менен жашырып, бейтапканага ээрчитип алып келген.

Албетте, мындай болбошу керек. Мисалы, Мексикадагы Ахойя деп аталган айылдын тургундары мурун физикалык кемтиги бар баланы көргөндө аны үңүлө тиктеп, андан тескери карап же, тескерисинче, балага жаны ачып, ага карата аянычтарын айтып калышчу. Бирок азыр жагдай таптакыр башкача. Учурда Ахойя айылы негизинен өзгөчө көйгөйлөрү бар жаштар тарабынан иштетилген, жергиликтүү коомчо үчүн ***реабилитациялык*** программанын базасына айланган.

Азыр Ахойя айылындагы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар жана алардын ата-энелери эл арасында өздөрүн ыңгайсыз сезбей калышкан. Дени соо жана мындай өзгөчө көйгөйлөрү бар балдар ата-энелеринин жардамы менен ошол айылдын балдары курган жалпылык оюн аянтчасында чогуу ойношот. Дүкөндөргө, айылдын башкы аянтына, коомдук жайларга баруу жана ишемби күнү кечинде ачык асман астында кинотасма көрүүгө ыңгайландырылган атайын жайдан көңүл ачып кетүү үчүн, дөңгөлөктүү отургуч менен жүргөндөргө жергиликтүү коомчо тарабынан атайын жолдор жана пандустар курулган.

Белинен төмөн бөлүгү шал болгон Мари аттуу жаш айым реабилитация үчүн убагында Ахойя айылына коңшу айылдан келген. Көп өтпөй ал ошол айылдын тургундары жүргүзгөн программанын өзүнө кызыгып, ал жерде калып, анда иштөө чечимин кабыл алган. Азыр Мари ошол борбордун документациялык иштерин аткарат, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар жана алардын үй-бүлөлөрү менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө жана аларга кеп-кеңеш берүүгө жардам берет. Учурда ал бутка кийилүүчү ортездерди жасаганды үйрөнүп жатат. Ошентип, Мари PROJIMO иш тобунун эң маанилүү мүчөлөрүнүн бирине айланды.

Мари өз айылына кайтканды каалабайт. “Ал жерде мени бардыгы бук кылат!” – дейт. “Мен ал жерде үйүмөн такыр чыкпайм. Чыккым да келбейт. Ал жерде эл мени адам катары көрбөйт. Алар мени майып катары же мен жоктой карашат. Мен бир жолу өмүрүмдү кыюуга аракет жасагам. Ал эми бул жерде – Ахойя айылында – жашоо таптакыр башкача! Бул жердин эли мага бардык адамдарга кылгандай эле мамиле кылат. Бул жер мага абдан жагат! Мен өзүмдү пайдалуу адам катары сезем.”

Айылдын реабилитациялык борборунда аны менен чогуу иштешкен кесиптештери Марини, убагы келгенде, өз айылына кайтып, ал жерде реабилитациялык иш баштоого кызыктырып жатышат. Алар андагы элдин ар кандай нерселерге болгон көз-карашын өзгөртүүгө Мариге жардам берүүнү сунуш кылышты. Азырынча Мари бир чечимге келе элек. Учурда PROJIMO иш тобу Маринин айылына иш сапарлары менен бара баштады. Ал жердеги, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдары бар үй-бүлөлөр уюшуп иш кыла башташты. Айылдагы балдар жалпылык оюн аянтчасын, ал эми чоңдор анын жанына чакан реабилитациялык жай курууга жардам беришти. Ошентип, Маринин айылындагы жагдай да өзгөрө баштады. “Таптакыр башкача жашоо” бүчүр байлап, андан кийин өнүүгө өттү.



Мари жүлүнү жабыркаган кызга көнүгүү аткаруусуна жардам берип жаткан учуру.

**Бул китептин экинчи БӨЛҮГҮНДӨ,** жергиликтүү коомчолор ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарга жакшы мамиле кылып, алардын муктаждыктарына көбүрөөк көңүл бура баштоосуна жардам берүү жолдору тууралуу сөз болот. Негизи, албетте, калкконуштар “мындай көйгөйлөрү бар адамдарга көбүрөөк жардам керек, аларга карата болгон мамилени өзгөртүүбүз зарыл жана аларга көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү беришибиз керек” деп өздөрү демилге көтөрүп чыгышпайт. Тескерисинче, **мындай өзгөрүүлөргө жетишүү үчүн, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар жана алардын жакындары биригип, зарыл каражаттарды чогуу издеп, коомчолорунун да, өздөрүнүн да ар кандай нерселерге карата болгон мамилесин өзгөртүү иштерин өздөрү баштоосу керек.** Акыры – элдин түшүнүүсүнө жана колдоосуна жетишкенден кийин – алар үчүн **өз укуктарынын аткарылуусун талап кылууга** жакшы мүмкүнчүлүктөр ачылат.

**Китептин ушул 2-БӨЛҮГҮНҮН бөлүмдөрүндө** ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын коомчо алкагындагы муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн толугураак түшүнүүгө жардам бере турган түрдүү ыкмалар жана жолдор талкууланат. Адегенде, мындай көйгөйлөрү бар адамдар жана алардын жакындары өзү жана бир бири үчүн эмнени кылууга жарамдуу экени каралат. Мындан тышкары, **үй-бүлө негизин түзгөн реабилитациялык программа**ны баштоо мүмкүндүгү жана ошол коомчолордо жашаган, өзгөчө көйгөйлөрү бар адамдар өздөрү иштеткен, **жергиликтүү коомчолор тарабынан колдоого алынган реабилитациялык борборлор**ду уюштуруу маселеси чоң мааниге ээ экени тууралуу да сөз болот. Үй-бүлөлөрдү жана мектеп окуучуларын бул иш-чараларга катыштыруу жолдору талданат. Акыры, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү баланын, коомчосунда чоңоюусуна байланыштуу бөтөнчө муктаждыктарына (башкалар менен ойноо, мектепте окуу, достошуу, башкалар менен сый-урмат мамиледе болуу, өз алдынча болуу, коомдук иш-чараларга катышуу, иштеп күнүмдүк жашоого акча табуу, башкаларга жардам берүү, мындан тышкары, сүйүү, турмуш куруу жана үй-бүлө күтүү) көңүл бурулат.

## КЕҢЕШ КАТАРЫ ЭМЕС, МИСАЛ КАТАРЫ

Китептин жергиликтүү коомчолор маселелерине байланышы бар бул бөлүгүндө биз маалыматтарды кеп-кеңеш катары эмес, негизинен, мисал катары гана беребиз. Ар кандай нерселерге карата элдин көз-карашы, үрп-адаттары жана социалдык процесстер каралганда, сырттан келген адамдын конкреттүү коомчого же өздүк маданияты бар адамдар тобуна берген кеп-кеңеши кооптуу болушу мүмкүн. Андыктан, китептин бул бөлүгүндө берилген иш тажрыйбаларды жана мисалдарды түздөн-түз аткарууга тийиштүү көрсөтмө катары карабаңыз. Буларды жергиликтүү элдин турмушундагы өзгөчөлүктөрүнө, муктаждыктарына, маданиятына жана мүмкүнчүлүктөрүнө жараша тууралап колдонуңуз, же, туура келбесе, колдонбой эле койуңуз.

**Ар бир коомчо ар түрдүү, алардагы тоскоолдуктар да, мүмкүнчүлүктөр да бөтөнчө.**